**Б.Календеров атындагы орто мектебинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 1-августундагы № 390 токтомуна ылайык окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын, диний экстремизмдин алдын алуу багытында айыл аймактарында ата-энелердин катышуусу менен өткөрүлө турган чогулуштун**

**Протоколу**

**9.03.2022-жыл** **Чолок-Кайың айылы**

Чогулушка катышкандар:

1. Рай ИИБнүн милициянын полковниги: Осмоналиев Мирлан Мелисбекович
2. Райондук Прокуратуранын тергөөчүсү: Жолболдуев Өмүрбек Абдышүкүрович
3. Улуттук коопсуздук комитетинин өкүлү: Исмаилов Камчыбай Болотбекович
4. Социалдык коргоо башкармасынын башчысынын орун басары: Осмонов Бактыбек Женишбекович
5. РБББнын башчысы: Эсеналиев Каныбек Алтымышович
6. РБББнын адиси: Нурманбетова Гүлмайрам Монолдоровна

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Окуучулар арасында зомбулуктун, өзүн өзү өлтүрүүнүн, диний экстремизмдин, кылмыштуулуктун алдын алуу жөнүндө.

2.Видеоролик боюнча талкуу

**Б.Календеров атындагы орто мектебинин директору Кенеева Г:**

Саламатсыздарбы. Тааныштыруу максатында РБББнин Г. Нурманбетовага сөз берели.

Саламатсыздарбы **РБББнин адиси Нурманбетова Г:**. №390 Токтомдун негизинде келип жатабыз. Зордук зомбулук боюнча келип, сиздер менен баарлашуу максатында.Сиздерди тааныштыра кетейин Райондук ИИБнин мил.полковниги Осмоналиев.М.М,райондук Прокуратуранын тергөөчүсүЖолболдуев Ө.А,Улуттук коопсуздук ком.өкүлү Исмаилов К.Б,соц.коргоо баш.башчысынын орун басары:Осмонов Б.Ж,РБББнин башчысы Эсеналиев К .А,РБББнин адиси Нурмамбетова Г.М.Азыркы чогулушту ачып берүү үчүн сөз РБББнүн башчысы К.Эсеналиевге берилет.

**РБББнин башчысы Эсеналиев Каныбек**: Урматтуу апалар, эжелер, дүйнөлүк денгээлдеги март айындагы майрамыныздар менен куттуктайбыз. Мекемелер аралык план түзүлөт. Ушул иш-чаранын негизинде сиздер менен сүйлөшөлү деп келип жатабыз. Өз ойлоруңуздарды айтып активдүү катышып бериниздер. Алдын алып, иш алып баруубуз керек. Кинону көрдүңүздөр. Оору, илдет жаман экен. Ден соолукта болунуздар. Кыскача токтолоюн. Балдардын психолгиялык ан сезими жылдан жылга өөрчүп келе жатат.

Маалыматтык согуш, социалдык тарабынан өсүп, өөрчүүсү болуп жатат. Мектеп-жалпы билим берүүчү уюм. Мугалим сабак өтүп, билим бере алат. Бир суткада 24 саат болсо,6 саат мектепте болот. Калган убактысы үйдө болот. Үйдөн адеп-ахлакка көнүл бөлүүбүз керек. Жогору жаткан күнөө издебей, өзүбүздү тарбиялап, балдарыбызга туура жол көргөзүүбүз керек. Чай үстүндө отурганда да мугалимди жамандабай, баланы психологиялык жактан туура тарбия берүүбүз керек.

Экинчи маселе. Милдеттен мурун укукту коюп койдук. Тарбия маселесин колго алуу керек. Үй бүлөдө мыкты тарбия берсе, мыкты уул, мыкты кыз өсүп чыгат. Ашыкча чыгымдарга жол бербөө боюнча буйрук чыгарды. Ушул буйрукту же мыйзамды колдообуз керек. Коомдо кур намыс деген бар. Ата-энелерден 5 ата-эне сүйлөсө 15 ата-эне угуп отурат да кыйналат. Алиппенин акыркы күнүн. Тарбиялык саат болуп эле мектепте өткөрүлсүн. Ашыкча чыгымдын кереги жок. Талап кылабыз, токтололу. Баарыныздардан суранам. «Акыркы конгуроо» дегенде эле балдардын коопсуздугу кооптондурат. Ушундай ашыкча чыгымдарды жоюп, ишке ашыралы. Келген өкүлдөргө сөз берели.

**Видеоролик көргөзүлөт**

**10-б класстын кл.жет Кариева Т**: Саламатсыздарбы. Бир теманын үстүндө иштедик. Коом менен биргеликте иштешели. Кайдыгер карабайлы. Киного 10 мин. Берилген. Балдардын аткаруу чеберчилиги ушул денгээлде болду. Келген өкүлдөргө сөз берели. Осмонов Бакытка сөз берели.

**Социалдык өнүктүрүү баш. орун басары Осмонов Б:** Зордук-зомбулук боюнча жыйналышка келип бергениниздерге чон рахмат. Бала ата-энеге болгон сырын айтпайт. 2сыр болот. Жакшы сыр, купул сыр. Бала менен сүйлөшүп анын сырын билип, сүйлөшүп туруу керек. Зомбулуктун аркасы менен 27% стресске кабылса, 6% депрессия, 8% өз өмүрүн кыюуга барат экен.Тааныбаган кишинин колунан суу ичпөөсү керек. Балдардын укугун коргошубуз керек

.**Райондук ички иштер бөлүмүнүн милициянын полковниги: Осмоналиев Мелисбек**
Майрамыныздар менен. Бар болунуздар. Кино жакшы денгээлде тартылыптыр. Телефонун тартып алуу, бул-өзү тоноо болуп эсептелет. Мугалимдер билим эле берет. Ал эми ата-эне үйдөн тарбия берүүсү керек. Кылмыштуулукту, зордук-зомбулукту алдын алуубуз керек. Кечкисин эшикке чыгарбай, контролдоо керек. Балдарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, тыгыз иш алып баруу керек. Зордук-_ зомбулукка жол жок- дегенге ата-энеси сыртка чыгып кеткен, балдар кабылат. Ошондой балдар болсо бизге келип кайрылыныздар.

Коомдо болгон жаман иштерди болтурбоонуздор керек. Ар түрдүү диний агымдарга кирген ата-энелер да бар экен. Ошолордун ишин алдын алуубуз керек. Бул райондо кылмыштуулук жокко эсе жакшы райондун бири экен. Тынч ,бейпил район болуп жүрө бериниздер. Ата-энелердин чон салымы бар. Чон рахмат.

**Улуттук коопсуздук комитетинин өкүлү Исмаилов Камчыбай**: Балдардын телефонун текшерип, ким менен сүйлөшөт, кандай сайтка кирет көзөмөлдөө керек. Дин боюнча суроо болсо да жооп берет. Туура эмес динге кошулуп кетпөөсү керек.

Инспектор Кенеш Темиров: Исламдын руханий-адеп ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө жарлыкта ушул мектепте спорт боюнча өткөн.Ушул мектептин окуучулары 1-_ орунду алган Ата-энелер менен чогулуш болуп турат. Учетто жалпы 3 окуучу бар. Буюрса жакында чыгат. Чон рахмат.

**Жерге-Тал айыл өкмөтүнүн төрөгасы Орунбаев Талантбек**: Учурдан пайдаланып айымдарды, 8-март майрамы менен куттуктайм. Балдарыбызга туура тарбия берүүгө аракет кылабыз. Колдон келген ишибизди кылып, ата-эне менен мугалимдер тыгыз иш алып барып, билимди берип, биз үйдөн тарбия берүүбүз керек.

**Ата-энелер комитетинин төрагасы Акматов Максат**: Мугалим мөмөлүү дарак дейт эмеспи. Болушунча билим берип жатат. Окуучуларыбыз мечитке барып турсун. Ыйман сабагы киргизүүнү сунуштайт элем.

башчысы **Жыйынтыктоо сөз**

**РБББнин Каныбек Эсеналиев**: сабак учурунда билим алуусу керек. Үйгө барганда ата-энесинин коштоосунда мечитке бара берсин. Ыйман сабагы киргизүү каралып жатат маалымат беребиз.

Кенеева Гүлнара: 8-9-10-11- класстардын ата-энелери менен чогулуш өткөн. Андан кийин аталар менен биргеликте чогулуш өткөргөнбүз. Кенеш менен тыгыз иш алып барып жатабыз. Сиздерге чон рахмат жылына эки жолу келесиздер. Бизге келип турганыныздар чон таасир этет.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап чогулуш токтом кылат:**

1.Мектеп окуучулар арасында кылмыштуулукту алдын алуу,зордук-зомбулукту болтурбоо,өзүн-өзү өлтүрүүнүн,диний экстремизм боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн жана 1-11-класстын класс жетекчилерине милдеттендирилсин.
1.Окуучулар интернеттен телефон аркылуу туура эмес кинолорду,оюндарды көрүүнү көзөмөлдөп туруу ата-энелерге милдеттендирилсин.

3.Окуучулар сабак учурунда мечитке барууга тыюу салынат жана көзөмөлдөө жагын мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы У.Артыков,уюштуруучу А.Эсенгуловага,соцпедагог К.Разакуловага милдеттендирилсин.
4.Мектеп окуучуларына,ата-энелерге акча чогултуу,белек-бечкек берүүгө тыюу салынгандыгы жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү мектеп админстрациясына тапшырамын.
5.Бул токтомдун аткарылышын жана көзөмөлдөөнү өзүмө жана ата—энелер комитетинин төрагасы М.Акматовго тапшырамын.

Ата-энелер чогулушунун төрайымы: Кенеева Г
Чогулуштун катчысы: Эсенгулова А